DosTek group
Кыргызстан, г. Бишкек,
ул. Коенкозова, 8
e-mail: office@dostek.kg
www.dostek.kg
+ 996 312 960 360 + 996 776 960 360
+ 996 706 960 360 + 996 558 960 360

# Электрондук санариптик кол тамганы (ЭСКТ) жаңыртуу үчүн документтер

ЭСКТнын мөөнөтүн узартуу үчүн, аны жаңыртуу зарыл. Жаңыртуу 2 жол менен жүргүзүлөт.

1. ЭСКТсын «RuToken ЭЦП» эс тутумунда сактаган колдонуучулар, «DosTek group» компаниясынын кеңсесине кийинки документтер менен келип кайра катталуусу керек:

   - Юридикалык (жеке) жактын Мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүгүнүн көчүрмөсү.
   - Жетекчинин паспортунун көчүрмөсү (чет тилде жазылган паспорттун көчүрмөсү мамлекеттик же расмий тилдеги нотариалдык ырасталган котормосу менен тапшырылат).
   - Башкы бухгалтердин паспортунун көчүрмөсү (эгер башкы бухгалтер каралган болсо).
   - ЭСКТну алууга жоопкерчиликтүү ишенимдүү адамдын паспортунун көчүрмөсү.
   - ЭСКТга (электрондук-санариптик кол тамга) счет-фактура алуу үчүн М2а формасындагы компаниянын атынан ишеним кат.
   - Жетекчи же бухгатерди дайындоо жөнүндөгү приказ же чечимдин көчүрмөсү (эгер алмаштырылган болсо).
   - Уюмдун мөөрү.
   - «RuToken ЭЦП» корголгон эс тутуму.

   Эскертме (жеке ишкерлер үчүн): мөөрү жок юридикалык (жеке) жактар жетекчисинин паспортунун көчүрмөсүн 2 нускада тапшырат (бирөө – келишимге (буйрутмага) тиркелет, экинчиси – кассага счет-фактура алууда тапшырылат).

2. ЭСКТсын «E-Cloud ЭЦП» Булуттагы корголгон түзүлүшүндө сактаган колдонуучулар, ЭСКТсын кеңседе, жогоруда аталган документтер менен жаңыртса да болот, ошондой эле онлайн буйрутма жөнөтүп, ЭСКТсын алыстан жаңыртып алса да болот.

   Эгер ЭСКТны алыстан жаңыртуу ыңгайлуу болсо, ЭСКТнын мөөнөтү аяктоосун күтпөстөн, системада билдирүү пайда болоору менен онлайн буйрутма жөнөтүүнү сунуштайбыз, анткени ЭСКТны даярдоо 7 күнгө чейин созулушу мүмкүн. ЭСКТнын мөөнөтү аяктаганча онлайн буйрутма жөнөтүлбөсө, ЭСКТны жаңыртуу үчүн «DosTek group» кеңсесине келүү керек.

   «DosTek group» адистери буйрутманы кабыл алгандай кийин балансстан ЭСКТнын төлөмү алынат, бирок жаңы ЭСКТ эскинин мөөнөтү аяктагандан кийин гана колдонула баштайт.

   Уюмдун төмөндөгү реквизиттери алмашса, ЭСКТ алыстан жаңыртылышы **мүмкүн эмес**:

   - Уюмдун аталышы жана ИННи;
   - Убмдун жайгашкан жери (шаар, айыл);
   - ЭСКТ ээсинин аты-жөнү, кызматтык абалы, паспортунун сериясы;
   - Электрондук дарек.

   Мындай учурларда, «DosTek group» кеңсесине ЭСКТны жаңыртуу үчүн жана реквизиттердин алмашышын далилдеген документтерди тапшыруу менен ЭСКТны жаңыртса болот.